# Ош мамлекеттик университетинин

# Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин

# Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн

## 2026-жылдын 22-январында өткөрүлгөн кезектеги

### Кеңешининин отуруму

### № 4 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы**: ф-м.и.к., доцент Максатбек.О.
**Кеңешменин катчысы**: Режевали к Атыргүл
Катышкандар: 8
Келбегендер: 1

Күн тартибиндеги маселелер:

1. 2025-2026 -окуу жылынын мобилдүүлүк боюнча маселелер.
2. Окуу таанышуу жана өндүрүштүк практика.
3. Ар түрдүү маселелер

**1.2025-2026 -окуу жылынын мобилдүүлүк боюнча маселелер.**

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Кеңешмени ачып алсак.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы, ф.-м.и.к. **Орозов М. О.** –
«Бүгүнкү кеңешменин күн тартибиндеги биринчи маселе — **2025–2026-окуу жылындагы академиялык мобилдүүлүк** боюнча маалымат. Тактап айтканда, учурда **канча студент чет өлкөлөрдө окуп, билим алууда?** Бул маселе боюнча жооптуу кызматкер — **Абдыкадырова Жаңыл Данияровна**. Ошондуктан сөздү Жаңыл Данияровнага беребиз.»

**Сөзгө чыкты:** Мобилдүүлүк программасы боюнча жоопту окутуучу **Абдыкадырова Жаңылай –**
«Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Азыркы учурда академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча **2025–2026-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында** студенттер чет өлкөгө чыга алышкан жок.

**2-жарым жылдыкка** карата **2 студентти Корея Республикасына** даярдоо иштери жүргүзүлүүдө. Ошондой эле, ар кандай себептерден улам **1 студент 1-жарым жылдыкта академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча бара албай калган**.

Кошумчалай кетсек, академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча **иш планы бекитилген**, учурда иш-аракеттер ошол иш планга ылайык жүргүзүлүүдө.»

Кошумчалоо катары: Мындан тышкары, **1-курстун студенттерине мобилдүүлүк программасына катышууга уруксат берилген жок**, ошол эле учурда **1 айлык мобилдүүлүк программасы ачылган**.

Ошондой эле, мобилдүүлүк программасы боюнча **студенттерге толук жана так маалымат жеткирүү** зарыл.

**Сунуш катары:** студенттерди мобилдүүлүк программасына **мугалимдер менен биргеликте** жөнөтүү сунушталат. Бул мугалимдер менен студенттер үчүн **тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк түзүп**, студенттердин көзөмөл астында болушун камсыздайт.

Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. –Маалыматтар эске алынып күчөтүү иши Абдыкадырова Жаңыл эжейге тапшырылсын, жана бөлүм башчы тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

**2. Окуу таанышуу жана өндүрүштүк практика**

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Экинчи маселе боюнча айта турган болсок, 2025-2026-окуу жылындагы окуу таанышуу жана өндүрүштүк практикасы боюнча маселелерге токтолсок бул маселе боюнча жоопту кызматкер — **Арапова Токтобүбү Машраповна**. Ошондуктан сөздү **Токтобүбү Машраповна** беребиз.»

**Сөзгө чыкты:** окутуучу **Арапова Токтобубу** –
«2025–2026-окуу жылынын окуу планына ылайык, **ПИКТ 1-25** группасы өндүрүштүк практиканы өттү.

Ошондой эле, **МКН 1-23** тобу жоюлгандыгына байланыштуу, студенттер өндүрүштүк практиканы **декабрь айынын аягында** өтүштү.

Алдыдагы мезгилде өндүрүштүк практикага **ПИКТ 1-22** жана **МКН 1-21(Д)** топтору чыгышат.

Эгер студенттердин мурда иштеген ишканалары менен келишими бар болсо, анда алар ошол эле иш орундарында өндүрүштүк практиканы өтүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Бул үчүн **тиешелүү маалымкат (справка)** негиз болуп эсептелет.»

Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. –Маалыматтар эске алынып май айынын акыркы мезгилинде толук кандуу отчет менен жыйынтыкталсын жана иш бөлүм башчы тарабынан көзөмөлгө алынып.

Баары – "Макул", Каршы – Жок, Калыс – Жок.

**3.Ар түрдүү маселелер:**

**Угулду:** Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О.- 1-жарым окуу жылында өткөрүлө турган "**Сыйлык берүү аземине"** байланыштуу, окутуучулардын арасынан кеңешип, **активдүү иш алып барган жана өз ишин так аткарган окутуучуларды сунуштоо** маселеси карап чыгалы.

**Талкууланды:** Сыйлык берүү аземине сунушталуучу окутуучулар боюнча талапкерлерди аныктоо иши жүргүзүлүп. Кеңештин чечиминин негизинде **Абдыкадырова Жаңыл** жана **Сыдыкова Наргул** сыйлыкка сунуштоого **ылайыктуу деп табылышты**. Кийинки окуу жылына көрсөтүлүүчү окутуучулар боюнча **кошумча сунуштарды кабыл алуу** иши уюштурулду.

**Угулду:** Бөлүм башчысы – Орозов Максатбек .О. Учурда студенттердин стипендиясы тууралуу маалыматтарга токтоло кетсек, учурда биздин тайпалардын арасынан 1-курс **ПИКТ 1-25** тобунан **15 студент** стипендия алды. 2-курс **ПИКТ 1-24** тобунан **7 студент** стипендия алып жатышат.

**Сунушталды:** Кеңешменин катышуучулары ар түрдүү маселелер боюнча өз ой пикирлерин билдиришти жана бул көрсөткүчтү дагы да арттырууну жолдорун сунуш кылышты

## ТОКТОМ:

**1. 2025–2026-окуу жылындагы академиялык мобилдүүлүк маселеси**

Маалыматтар эске алынып, күчөтүү иши **Абдыкадырова Ж. Д.** жоопкерчилигинде жүргүзүлсүн.

Бул багыттагы иштер **бөлүм башчы тарабынан көзөмөлгө алынсын**.

**2. Окуу таанышуу жана өндүрүштүк практика**

Практика боюнча маалымат эске алынып, май айынын аягында толук кандуу отчет менен жыйынтыкталсын.

**3. 2024–2025-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында өткөрүлө турган “Сыйлык берүү аземине”** байланыштуу, активдүү иш алып барган жана өз ишин так аткарган окутуучуларды сунуштоо боюнча маалымат **эске алынып,** кеңештин чечиминин негизинде **Абдыкадырова Жаңыл** жана **Сыдыкова Наргул** “Сыйлык берүү аземине” сунуштоого **ылайыктуу деп табылсын**.

**3.2** Студенттердин стипендиясы боюнча маалымат **эске алынсын**.

**Жыйынтык:** Жогорудагы иштердин аткарылышы бөлүм башчы тарабынан көзөмөлгө алынсын**.**

Кеңешменин төрагасы : Орозов Максатбек .О.

Катчы : Режевали кызы Атыргүл.